**МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА МАДАНИЯТ ИНСТИТУТУ**

### 1. Мамлекеттик тил жана маданият институтунун түзүлүшү жөнүндө маалымат

Мамлекеттик тил жана маданият институту Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 20-сентябрындагы **Жарлыгы** жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 9-июлдагы № 326 **Токтомунун** негизинде түзүлгөн.

**2001-2020-жылдары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин өнүктүрүү программасы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин**

**УКАЗЫ**

Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнү өркүндөтүү жана Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүүнү мамлекеттик тилге этап-этабы менен которуу максатында токтом кылам:

**2000-2020-жылдары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин өнүктүрүүнүн тиркелген программасы бекитилген.**
**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин филология факультетинин базасында Мамлекеттик тил жана маданият институту түзүлсүн;**
**Бул Жарлык жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.**

**Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаев**

Бишкек ш., Өкмөт үйү, 2000-жылдын 20-сентябры

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН**

**Т О К Т О М У**

**Бишкек ш., Өкмөт үйү, 2001-жылдын 9-июлу, №326**

**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетине караштуу Мамлекеттик тил жана маданият институтун түзүү жөнүндө**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин «2000-жылдын 20-сентябрындагы 2000-2020-жылдары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин өнүктүрүү программасы жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:**

**-И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик педагогикалык университетинин филология факультетинин базасында Мамлекеттик тил жана маданият институту түзүлсүн;**

**-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 15-мартындагы «Мамлекеттик тил жана маданият институтун түзүү жөнүндө» №99-токтому күчүн жоготту деп табылсын.**

**Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлигине жүктөлсүн.**

**Премьер-министр**
**К.Бакиев.**

Институттун **Уставы** түзүлүп, каттодон өткөн. Уставда көрсөтүлгөн милдеттерди аткарууга укук берген Мамлекеттик каттоо жөнүндөгү **Күбөлүгү** бар (№15369-3301-У-е) МТМИнин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин кесиптик билим берүүгө укуктуу экендиги жөнүндө **Лицензиясы** бар. Лицензиянын **№ LD140000349**

Институттун **структурасы** түзүлгөн.

Институттун өзүнүн атрибуттары менен жеке белгилери: **желеги, эмблемасы, гимни жана фирмалык иш кагаздары** бар.

Мамлекеттик тилди өнүктүрүү максатында ачылган. Мамлекеттик тил жана маданият институту мамлекеттик тил боюнча өз алдынча юридикалык укукка ээ болгон билим берүү мекемеси жана кыргыз тили жана адабияты боюнча педагог- кадрларды даярдоочу - жетектөөчү институт.

Ошондой эле институттун ишмердүүлүгүнүн бир багыты - мамлекеттик тилди өнүктүрүү, өстүрүү.

Алгач түптөлүп кадам таштагандан баштап эле «кыргыз тили жана адабияты» адистиги менен гана чектелбестен кенен кулач жайып, «кошумча журналистика» адистигин, чет тилдеринен (англис, немец, араб, кийинчерээк кытай, корей) кыргыз тилине түз которуу өзгөчөлүгү менен айырмаланган адистикти ачып, мамлекеттик стандартка ылайык окуу пландарын түзүп, ага карата окуу китептерин, окуу куралдарын системалуу даярдап, басмадан чыгаруу, студенттерди окуу куралдары менен камсыз кылууну тиешелүү деңгээлде колго алган.

## Дирекция

2009-жылдан бери филология илимдеринин кандидаты, Билим берүүнүн отличниги, проф.м.а. Дюшембиева Айгул Осмоновна институтту жетектеп келет.



МТМИнин директору, филологиялык илимдеринин кандидаты, **проф.м.а Дюшембиева Айгул Осмоновна** ,



Директордун орун басары болуп филология илимдеринин кандидаты, **доцент А.К.Каныбекова** эмгектенүүдө.



***Дирекциядагы кеңешме***

***Мамлекеттик тил жана маданият институтунда төмөнкү багыттар жана адистиктер боюнча иш жүргүзүлөт.***

Ушул мезгилде институттун күндүзгү бөлүмүндө бюджетттик, контракттык негизде 4, дистанттык окуу бөлүмүндө 3 багыт боюнча кадрлар даярдалат.

Бакалавриат
КҮНДҮЗГҮ БЮДЖЕТ ОКУУ БӨЛҮМҮНДӨ:
550300 Филологиялык билим берүү
профили: Кыргыз тили жана адабияты, окуу мөөнөтү- 4 жыл.
профили: Мамлекеттик тил кыргыз тилинде окутулбаган билим берүү мекемелеринде, окуу мөөнөтү -4 жыл.

КОНТРАКТ БӨЛҮМҮ:

550300 Филологиялык билим берүү
профили: Кыргыз тили жана адабияты, окуу мөөнөтү 4 жыл
профили: Мамлекеттик тил кыргыз тилинде окутулбаган билим берүү мекемелеринде, окуу мөөнөтү -4 жыл

570600 Китепканатаануу жана документтаануу

профили: Документтаануу (иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү), окуу мөөнөтү-4 жыл

530600 Журналистика окуу мөөнөтү 4 жыл
профиль: Журналистика
531100 Лингвистика
профили: Котормо жана котормотаануу, окуу мөөнөтү 4 жыл

**ДИСТАНТТЫК ОКУУ БӨЛҮМҮНДӨ:**
550300 Филологиялык билим берүү
профили: Кыргыз тили жана адабияты, окуу мөөнөтү 5 жыл
профили: Мамлекеттик тил кыргыз тилинде окутулбаган билим берүү мекемелеринде, окуу мөөнөтү -5 жыл
530600 Журналистика окуу мөөнөтү 5 жыл
профиль: Журналистика

**Магистратура бөлүмү:**

550300. Филологиялык билим берүү:
- Кыргыз тили жана адабияты: Филологиялык билимдин магистри даражасы берилет
- Мамлекеттик тил кыргыз тилинде окутулбаган билим берүү мекемелеринде: Филологиялык билимдин магистри даражасы берилет

**Окуу бөлүмү**

Институттун окуу бөлүмү 2000 -жылы МТМИ түптөлгөндөн бери иш алып барат. Бүгүнкү күндө окуу бөлүмүндө Ф.Мырзаева, Г.Дооткулова окуу ишин үзгүлтүккө учуратпай, окуу процессин туура системалуу болушун камсыз кылуу максатында иш жүргүзүп келет.



Мамлекеттик тил жана маданият институтунун профессордук – окутуучулар курамы КМУнун ичинде алдыңкы сапаттык көрсөткүчкө ээ. МТМИнин профессорлук – окутуучулар курамында өлкөнүн билим жана илим чөйрөсүндөгү мыкты адистер жана Кытай Эл Республикасынан, Корей Республикасынан келген волонтерлор эмгектенишет. Профессорлук – окутуучулар жамаатында 5 илимдин доктору, 12 илимдин кандидаты, доценттер, 1 “Билим берүүгө эмгек сиңирген ишмер”, 12 “Билим берүүнүн отличниктери» деген наамы бар окутуучулар талыкпай эмгектенүүдө.

## Кафедралар

*Мамлекеттик тил жана маданият институтунда окуу процесси 3 кафедра аркылуу ишке ашырылат.*

- ♦ Токтосун Керимбаевич Ахматов атындагы кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы
- ♦ Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы
- ♦ Тил даярдыгы жана котормо кафедрасы

Окуу процессинин жүрүшүндө студенттер кыргыз тилинин жана адабиятынын теориясы менен тарыхы, котормонун түрлөрү, салыштырма грамматика тил илими кыргыз тили менен адабиятын окутуунун методикасы жана журналисттик чеберчилик боюнча терең билим алышат.

♦ Реферат, дипломдук жана башка илимий иштерди жазып жаткан учурда студенттерге зарыл болгон адабияттар менен жабдылган Ш.Жапаров атындагы окуу залы бар. Окуу залынын фондусунун толукталышына институттун ардагер профессору Ш.Жапаров, мектеп мугалими А.Калбеков, жазуучу К.Акматовдордун эмгектерин белгилебей коюуга мүмкүн эмес.

♦ Профессорлук- окутуучулук курамдын аспиранттар менен изденүүчүлөрдүн илимий изилдөө жана методикалык иштеринин жыйынтыктары монография, окуу китептери окуу куралдары, окуу-методикалык куралдары, илимий макалалары, конференциялардын баяндамаларынын жыйнактары катары басылып чыгарылып турат.

### Проф. Т.Ахматов ат. кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы

Кыргыз тили кафедрасы 1988-жылы негизделген. Анда ал “Кыргыз тили жана адабияты” кафедрасы деп аталган. Жыйырма жыл ичинде бул бөлүмдүн аты бир нече жолу өзгөрүүгө учураган: 1990-жылдан “К*ыргыз тили кафедрасы, кыргыз тили жана аны окутуунун методикасы кафедрасы”*, 1998-жылдын ноябрь айынан тартып *“Кыргыз тилинин теориясы жана практикасы”* деген ат менен кызмат өтөп келсе, 2002-жылдын апрель айынан тартып *“Кыргыз тили кафедрасы”* деген статуска ээ болгон. 2010-жылдын 17-сентябрынан И.Арабаев ат. КМУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен УИАнын корреспондент-мүчөсү, ф.и.д., проф. Т.К.Ахматовдун ысымы ыйгарылган. 2016-жылдын июнунан И.Арабаев ат. КМУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен проф. Т.К.Ахматов ат. кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы болуп өзгөрдү.

Кафедра башчысы: ф.и.к., доцент С.Каратаева.

Кафедра эки баскычтуу билим берүүнү практикалайт:

1) Бакалавр;
2) Магистратура.

Бакалавр бөлүмү боюнча төмөнкү багыттагы адистерди даярдайт:

*Даярдоо профили*: Кыргыз тили жана адабияты

*Даярдоо профили*: Мамлекеттик тил кыргыз тили окутулбаган билим берүү мекемелеринде. Бөлүмдү бүтүргөндөр “Филологиялык билимдин бакалавры” академиялык даражасына ээ болушат.

Кафедрада Магистратура бөлүмү өзгөчө орунда турат. Магистратураны бүтүрүүчүлөргө “Кыргыз тили жана адабияты”, “Мамлекеттик тил кыргыз тили окутулбаган билим берүү мекемелеринде” программалары боюнча магистр академиялык даражасы ыйгарылат.

Кафедра «Кыргыз тилинин актуалдуу маселелери» деген тема боюнча иш алып барат. Кафедранын илимий багыты - «Кыргыз тили» (шифри – 10.02.01), «Түрк тилдери» (шифри – 10.02.06).

**Кафедранын илимий-педагогикалык потенциалы**:

| № | Ф.И.О. | Ээлеген кызматы | Илимий даражасы, наамы | Пед. стажы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Каратаева С.** | Каф.башчысы | ф.и.к., доцент | 17 |
| 2 | **Мусаев С.** | профессор | ф.и.д., профессор | - |
| 3 | **Жапаров Ш.** | профессор | ф.и.д, профессор | 40 |
| 4 | **Саматов К.** | профессор | ф.и.д, проф.м.а. | 33 |
| 5 | **Сыдыкова Т.** | проф.м.а. | ф.и.д., проф.м.а. | 26 |
| 6 | **Жапаров Н.** | доцент | ф.и.к., доцент | 24 |
| 7 | **Мурасатов Б.** | доценттин м.а. | ф.и.к.,доцент м.а. | 22 |
| 8 | **Абдуллаева Р.** | проф.м.а. | п.и.к., проф.м.а. | 47 |
| 9 | **Садыкова К.** | доценттин м.а. | доценттин м.а. | 30 |
| 10 | **Мамбетова Р.** | ага окутуучу | магистр | 17 |
| 11 | **Масалиева Н.** | ага окутуучу | магистр | 8 |

.

**Кафедранын өнүгүү стратегиясы –** студенттер менен магистранттарда өздөштүрүп жаткан дисциплиналары боюнча компетенттүүлүктү калыптандыруу менен сапаттуу адистерди даярдоого жетишүү.



## Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы

Азыркы “Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы” 1986-жылы жөн эле “Адабият кафедрасы” катары түзүлгөн. Филология илимдеринин доктору, профессор Осмонакун Ибраимов алгач жетектеген бул кафедрада кыргыз, орус жана чет элдер адабияты чогуу окутулган. Аталган окумуштуунун жетекчилигинде кафедра 1991-жылга чейин иштеген. Андан кийин кафедраны адабиятчы, ф.и.к. Ү.Касыбеков (1991-1992), ф.и.д., проф. А.С.Кацев (1992-1993), ф.и.к., доцент К.Х.Жийдеева (1993-1994), ф.и.к., проф. К.Байжигитов (1995-2002), п.и.к., доцент Д.Саалиева (2002), ф.и.к., проф. М.К.Жумаев (2002-2007), ф.и.к., доцент Г.З.Жумаева (2007-2008), ф.и.к., доцент Р.Сыдыкова (2008-2010), ф.и.к., доцент С.С.Дюшембиев жетектешкен.

Кафедра 1998-жылдын 10-ноябрынан тартып “Кыргыз адабияты жана дүйнөлүк көркөм маданият кафедрасы” болуп аталган (Буйрук №141/5). 2002-жылдын 15-февралынан тартып “Кыргыз адабияты” деп аты алмаштырылган (Буйрук №26/5). Ал эми 2016-жылдын 1-июлунан тартып “Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы” деп аталып келет (Буйрук №01-8/384).

Өз кезегинде ар кайсы жылдары кафедрада республикага таанымал коомдук жана мамлекеттик ишмерлер эмгектенишкен: Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу палатасынын спикери, КР УИАнын академиги, профессор А.Эркебаев, КР УИАнын академиги, профессор А.Акматалиев, КР УИАнын мүчө-корреспонденти, профессор, кафедранын алгачкы башчысы О.Ибраимов, КР Эл жазуучусу, профессор К.Жусупов, КР Эл акыны, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты А.Өмүрканов, КР Эл акыны, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты А.Рыскулов, белгилүү адабиятчы К.Ибраимов, О.Сооронов, жазуучу Д.Казакбаев ж.б.

Азыркы учурда Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасын филология илимдеринин доктору, проф. м.а. Эгембердиева Аида Абдыжапаровна жетектейт. Ал – учурунда мезгилдүү басма сөздө журналист болуп иштеген адис, КР Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү, КР Өкмөтүнүн Ардак грамотасынын (2018), КР Өкмөтүнүн Жаштар сыйлыгынын ээси (2003).

Кафедрада профессорлордун, доценттердин жана окутуучулардын курамы – 14, анын ичинде 1 доктор, 6 илимдин кандидаты, 4 профессор, 3 доцент, 7 улук окутуучу эмгектенет:

| Аталган кафедрадагы кызматы | Кафедра мүчөлөрүнүн аты-жөндөрү | Илимий даражасы, илимий наамы, квалификациялык мүнөздөмөсү | Негизги жана көмөкчү штатта иштөөсү |
| --- | --- | --- | --- |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Кафедра башчысы, проф. м.а. | 1.Эгембердиева А.А. | ф.и.д., доцент | негизги |
| Профессор м.а. | 1.Дюшембиева А.О. | ф.и.к., доцент | көмөкчү |
| Профессор м.а. | 2.Сыдыкова Р. | ф.и.к., доцент | негизги |
| Профессор м.а. | 3.Жумаева Г.З. | ф.и.к., доцент | көмөкчү |
| Доцент | 1.Дюшембиев С.С. | ф.и.к., доцент | негизги |
| Доцент | 2.Саалиева Д. | ф.и.к., доцент | негизги |
| Доцент | 3.Каныбекова А. | ф.и.к., доцент | көмөкчү |
| Ага окутуучу | 1.Беркбаев У. | ага окутуучу | негизги |
| | 2.Солтобаева К. | ага окутуучу | негизги |
| | 3.Сопубеков К. | ага окутуучу | көмөкчү |
| | 4.Тунгатарова А. | ага окутуучу | негизги |
| | 5.Ажыбаев А. | ага окутуучу | негизги |
| | 6.Козубекова Г. | ага окутуучу | негизги |
| | 7.Мырзаева Ф. | ага окутуучу | негизги |
| **жалпы:** | **14** | | |

Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы төмөнкү адистиктерди тейлейт:

550300 Кыргыз тили жана адабияты
550000 Мамлекеттик тил кыргыз тилинде окутулбаган мекемелеринде
530000 Журналистика



*Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын жалпы жамааты*

## ТИЛ ДАЯРДЫГЫ ЖАНА КОТОРМО КАФЕДРАСЫ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 20-сентябрындагы 2000-2010 жылдары Кыргыз Республикасынын Президентинин Указын ишке ашыруу максатында И.Арабаев атындагы КМУнун алдында Мамлекеттик тил жана маданият институту тарабынан **Тил даярдыгы жана котормо кафедрасы** уюштурулган (2001-2002 – окуу жылдары).

Кафедра ачылгандан бери филология илимдеринин доктору, профессор, УИАнын мүчө корреспонденти Ж.К.Сыдыков (2003-2005 – жылдары), филология илимдеринин доктору, профессор К. Х. Жийдеева (2001-2002 – жылдары), филология илимдеринин доктору, профессор Н.Ш.Шаммаева (2003-2006 – жылдары), филология илимдеринин кандидаты, доцент Н.Омурзакова, ага окутуучу Н.Асанкулов, Кытай Республикасынын жарандары профессор Макелек Өмүрбай, Айнур Абдул, Ван Сяо Лян, Цзян Янь Пин, Гулниза Жамал, Токтокан Ысмаил, Ма Чинг , Корей Республикасынын жарандары ага окутуучулар Пак Кап Су, Сон Дон Веон эмгектенишкен.

Кафедранын профессор окутуучулук курамы 8, анын ичинен 1 профессордун милдеттин аткаруучу, 2 доцент, 2 ага окутуучу, 3 окутуучу , мындан тышкары корей тилинен 1 волонтер эмгектенет. Азыркы учурда кафедраны ф.и.к., доцент Н.А.Эргешбаева жетектейт.

Кафедранын **негизги максаты** –чет тилдерин жогорку деңгээлде окутуу жана билим берүү тармагында, ошондой эле мамлекеттик жана муниципиалдык мекемелердин ар кайсы багыттарында ж.б. эл аралык уюмдарда иштей ала турган кыргыз тилинен англис, корей, кытай тилдерине жана ошол тилдерден кайра кыргыз тилине түз которуучу жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо.

2006-2011 окуу жылдарында Кафедра Кытай Эл Республикасы тарабынан каржылануучу (кыргыз-кытай котормо адистигинде) гранттык билим берүү мүмкүндүгүнө ээ болгон. Анын жыйынтыгында кыргыз-кытай котормо адистигинде бүтүрүүчүлөрү А.А.Мурзаева Кытай Эл Республикасында Пекин тил жана маданият университетинде 6 айлык тилдик такшалуудан, Д.Абдыкадыров Үрүмчү шаарында кытай тили жана адабият адистигинде магистратурада билим алып келишкен.

2009-2010-окуу жылынан баштап “Котормо жана котормотаануу” – адистигинин курамында корей тили боюнча адистик багыт ачылган. Окуу процессинин жүрүшүнө шарт түзүүүчүн окуу методикалык (куралдар) колдонмолор, китептер, аудио – видео жана компьютердик техникалык каражаттар менен камсыз кылынган.

Кафедра **«Котормонун теориялык жана лингвистикалык көйгөйлөрү »** деген тема боюнча иш алып барат.

Кафедранын профессордук-окутуучулар курамы эл аралык, республикалык, университеттер жана институттар аралык илимий-практикалык конференцияларда илимий докладдары менен катышышат. Ошону менен бирге илимий макалаларын Арабаев атындагы КМУнун жана башка РИНЦ, SCOPUS, WEB OF SCIENCE журналдарына жарыялашат.



**Тил даярдыгы жана котормо кафедрасынын жааматы**